Кабыл алынды: Бекитемин:

№ 1 пед.кеңешме Мектеп директору:

“ 14 ” 08 2021 -ж. Карагулова А.А.

Укук бузуунун алдын алуу боюнча

профилактикалык кеңештин жоболору.

1. Жалпы жоболор.

1.1 Бул жоболор КР Конституциясынын негизинде, КР 17.07.2009ж. № 182 “Билим жөнүндө” мыйзамында, КР 31.05.2012ж. “Балдар жөнүндө” кодексинде, КР 25.06.2005 ж. № 82 мыйзамында, “КР укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө”,шаардык,райондук административдик нормативдик документтердин,мектептин уставынын жана мектептин директорунун буйругу менен иштелип чыккан.

1.2 Бул жоболор окуучулар арасында укук бузуунун алдын алуу иштеринде нормативдүү-укуктук негиз болуп саналат. Профилактикалык кеңеш (ПК) мектептин базасында окуу мекемесинде өспүрүмдөр арасында алдын алуу иштерин жүргүзүү максатында түзүлөт.

1.3 ПК дайыма иштеп турган орган болуп саналат. ПКнын жетекчиси болуп мектептин директору шайланат. Профилактикалык кеңеш ишин ПКнын жетекчиси бекиткен план боюнча алып барат.

1.4 Өспүрүмдөр жана ата-энелер(мыйзамдуу өкүлдөр) менен жекече-профилактикалык иш жүргүзүү план боюнча атайы коюлган мөөнөттө, жардам берүү, ошондой эле укук бузуучулукка алып келүүчү иш-чараларга каршы күрөшүү жүргүзүлөт. ПК өспүрүмдөрдүн ишин ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) катышуусунда гана карашат.

1.5 ПК нын жетекчиси жвнв анын жардамчысы профилактикалык кеңештин уюштурулушуна,текшерүү жана чечим чыгарып,аткарылышына жооп берет.

2. Профилактика кеңешинин максаттары,милдеттери жана принциптери.

2.1 ПК нын иши анын принциптүүлүгүнө, мыйзамдуулугуна,өспүрүмдөргө гумандуу көз караш менен кароо,өспүрүмдөргө жана анын үй-бүлөсүнө жекече кайрылуу, алардын маалыматтарын купуя сактоо, тартип бузгандарды жоопкерчиликке тартуу.

2.2 ПК нын негизги милдеттери болуп саналат:

“Тобокел тобундагы” окуучуларды аныктоо жана мониторинг түзүп,ишти

Өспүрүмдөргө жашоо чөйрөсүндө укук бузуучулукка барбоосуна жардам берүү.

Өспүрүмдөрдүн үйдө,мектепте коомдук жерлердеги коопсуздугуна көңүл буруу.

Социалдык кооптуу абалдагы өспүрүмдөргө социалдык-педагогикалык реабилитация уюштуруу үчүн иш-чара иштеп чыгуу.

Мектептеги окуучулар арасында укук бузуулардын себептерин, наркотикалык баңгизаттарын колдонуу, ичкилик ичүү жана башка терс иштерге баруусуна бөгөт болуу.

Мектеп жана райондук профилактика кызматкерлери менен байланыш түзүү.

3. Жекече профилактика иш жүргүзүү боюнча топтун мүчөлөрү:

3.1 Профилактика кеңеши өспүрүмдөрдүн төмөнкү топтору менен иш алып барат:

- Кароосуз жана үй-жайсыз калган балдар
- Селсаяк же тентип калган балдар
- Психоактивдүү заттарды колдонгон
- Ички органдардын каттоосунда турган балдар
- Мектептин уставын бузган балдар

3.2 Профилактикалык кеңеш өспүрүмдөрдү тарбиялоодо ,окутууда ата-энелердин милдетин аткарбагандыгы тууралуу жекече иш алып барышат. Ушул сыяктуу иштер өспүрүмдөргө зордук-зомбулук көрсөтүлсө же анын жүрүм -турумуна тескери таасирин тийгизсе.

4. Профилактика кеңешинин структурасы жана иш тартиби.

4.1 Профилактика кеңеши керектүү маселелерди бир айда бир жолудан кем эмес мөөнөттө кеңешмеде карашат .

4.2 Өздүк иш аракеттерди кароодо класс жетекчилер жана ата-энелери чакырылып,карала турган ишти маалымдайт.

4.3 Окуучуга мектеп ичиндеги каттоого алуу,каттоодон чыгаруу,КДД га жиберүү маселеси боюнча маалымдайт.

4.4 Профилактика кеңешинин иши окуу жылына пландаштырылат.Иш планы профилактика кеңешинин чогулушунда талкууланат жана мектептин директору тарабынан бекитилет. Окуу жылынын ичинде керектүү иш-чаралар киргизилип турат.

Профилактика кеңешинин жетекчиси-мектептин директору

ПК нын мүчөлөрү: тарбия иштери боюнча директордун орун басары,окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары,социалдык педагог,психолог,ИДНдин инспектору,военрук,мугалимдер,коомдук ишмерлер.

ПК нын сандык курамы так эмес сандан турат.

Жыл сайын жаңы ПК нын курамы пед.кеңешмеде каралып,мектептин директору тарабынан бекитилет.

4.6 Профилактика кеңешмесинин чогулушуна өспүрүмдүн же ата-энелердин тартип бузуучулук маселелерин карап чыгууда класс жетекчилер,предмет мугалимдер,мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунун өкүлдөрү чакырылат.

4.7 Кеңешменин чечими добуш берүү менен кабыл алынат(көп добуш)

4.8 Профилактика кеңешинин жүрүшү жана кабыл алынган чечимдер протоколгот жазылат.

Профилактика кеңешинин иш аракети төмөнкүдөй документтер менен жазылат:

-профилактика кеңешинин түзүлүшү жөнүндө буйрук

-профилактика кеңешинин жобосу

- профилактика кеңешинин чогулушунун протоколдорунун журналы

- мектеп ичинде каттоодо турган окуучулар менен жекече профилактикалык иш алып баруу боюнча программа(план)

- мектеп ичинде каттоодо турган окуучулардын,үй-бүлөлөрдүн тизмеси.

4.9. Профилактика кеңеши өспүрүмдөргө,окуучуларга,ата-энелерге төмөнкүдөй чара көрүүгө укуктуу:

- эскертүү берүү

- тартип бузган окуучуну мектеп ичиндеги каттоого алууга

- окуучуну-өспүрүмдү,ата-энени КДДга жиберүүгө

- эң татаал кырдаалда пед.кеңешмеде,КДД да окуучуну мектептен чыгаруу маселесин коюу.

5. Профилактика кеңешинин мазмуну жана формасы

5.1 Профилактика кеңеши аналитикалык иш аракет жүргүзөт:

Мектептин окуучуларынын арасында тартип жана укук бузуучулуктун деңгээлин изилдейт;

Мектептин профилактикалык абалын,өткөрүлгөн иш аракеттин эффективдүүлүгүн изилдейт;

Девианттык жүрүм-турумдагы балдарды аныктоо;

Окуучулардын коомго каршы жүрүм-турумунун себептерин жана мотивдерин аныктоо.

5.2. Профилактика кеңеши окуучулардын укук бузуучулугун алдын алуу профилактикалык активдүүлүгүн ишке ашырат:

Окуучунун өздүк коомго каршы жүрүм-туруму боюнча иштерин карайт;

Окуучу менен жекече профилактикалык иш алып баруу үчүн программа(план) иштеп чыгат, мектептин директоруна бекитүүгө берет;

Окуучуну же ата-энесин керек болсо адистерге (психологго,медициналык же социалдык кызматкерлерге) консультацияга жиберет;

Мектеп ичинде каттоодо турганокуучуну каттоодон чыгаруу боюнча иштерди алып барат;

Чогулуштарда класс жетекчилердин отчетун талкуулашат;

Окуучулар менен өтүлүп жаткан иштер жөнүндө мектептин директоруна маалымдама берип турат,

Окуучулар менен профилактикалык иштерди өткөрүүнүн мөөнөтүн аныктайт.

5.3  Профилактика кеңеши уюштуруучулук иш аракеттерди ишке ашырат:

Балдарды тарбиялоодо мыйзамга баш ийбеген ата-энелерди тиешелүү органдарга билдирүү боюнча суроо коет,

КДД га окуучунун жүрүм-турумунун жакшырышынын негизинде каттодон чыгаруу маселесин коет;

Ата-энелерге жана алардын ордун ээлеген адамдарга жардам көрсөтөт;

Пед.коллективди профилактикалык иш аракеттердин заманбап усулдары менен тааныштырууга окуу-семинарларды уюштурат;

6. Профилактика кеңешинин укуктары жана милдеттери.

6.1 Профилактика кеңеши милдеттүү:

Мектептин администрациясы, мугалимдердин коомчулук менен  байланышын, өспүрүмдөр арасында профилактикалык иш-аракеттерди мектептеги тартипти сактоо максатында, окуучунун өздүк өзгөчөлүгүн изилдөө,сабактан тышкаркы убакта окуучулардын иш-аракеттерине жардам берүү,өтүлгөн иш чаралар боюнча пед.кеңешмеде 2жолу бир жылда отчет берүү.

6.2 Профилактика кеңеши укуктуу:

өспүрүм балдар менен иштөөдө профилактикалык иш аракеттерди жүргүзүү, ата-энелер чогулушунда тарбияга оор балдарга мүнөздөмө берип,КДДга ходатайство жиберүүгө.

6.3 Профилактика кеңеши документтердин туура толтурулушуна жоопкерчилик алып барат

(чогулуштун протоколдору,ходатайство,каттар) жана кабыл алынган чечимдердин мыйзамдуулугуна.